МАКУЛДАШЫЛДЫ
ЖАМУнун Окумуштуулар
кеңешинин №1 протоколу
“10” 09 2026-ж.

БЕКИТЕМ
ЖАМУнун ректору, проф
Усенов К. Ж
“11” 09 2026-ж.

Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети илимий-билим берүү, өндүрүштүк комплекси

Чет тилдер колледжинин

2026-2027 -окуу жылына карата түзүлгөн

комплекстүү иш планы

Манас 2026

1. Миссиясы

Чет тилдер тармагында заманбап билимге, коммуникативдик жана кесиптик компетенцияларга, санариптик сабаттуулукка, академиялык жана кесиптик этикага ээ, улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды сыйлаган, эмгек рыногунда атаандаштыкка жөндөмдүү орто кесиптик адистерди даярдоо.

2. 2026–2027-окуу жылындагы негизги багыт

Чет тилдерди окутуунун сапатын жогорулатуу, коммуникативдик-компетенттүүлүккө негизделген билим берүүнү, санариптик жана жасалма интеллект инструменттерин, CLIL жана долбоордук окутууну өнүктүрүү, практикага багытталган даярдыкты күчөтүү, эл аралык кызматташтыкты кеңейтүү жана БУУнун Туруктуу өнүгүүнүн 17 максатын колледждин окуу, илимий-изилдөө, тарбиялык жана коомдук иштерине интеграциялоо.

3. Негизги максаттар

- Сапаттуу, жеткиликтүү жана инклюзивдүү билим берүү чөйрөсүн түзүү.
- Студенттердин чет тилдик коммуникативдик, санариптик жана кесиптик компетенцияларын өнүктүрүү.
- Окутуучулардын заманбап педагогикалык, тилдик, санариптик жана ЖИ боюнча кесиптик өнүгүүсүн камсыз кылуу.
- Практика, иш берүүчүлөр жана социалдык өнөктөштөр менен байланышты күчөтүү.
- Студенттик илимий-изилдөө жана чыгармачылык иштерди колдоо.
- Сергек жашоо образын, экологиялык маданиятты, гендердик теңчиликти жана социалдык жоопкерчиликти өнүктүрүү.
- Академиялык чынчылдыкты, ачык-айкындуулукту, укуктук жана жарандык маданиятты бекемдөө.
- Эл аралык жана жергиликтүү өнөктөштүктү кеңейтүү.

4. ТӨМ/SDG боюнча колдонулуучу белгилер

ТӨМ	Багыт
ТӨМ 1	Жакырчылыкты жоюу
ТӨМ 2	Ачкачылыкты жоюу
ТӨМ 3	Жакшы ден соолук жана бакубатчылык
ТӨМ 4	Сапаттуу билим берүү
ТӨМ 5	Гендердик теңчилик
ТӨМ 6	Таза суу жана санитария
ТӨМ 7	Жеткиликтүү жана таза энергия
ТӨМ 8	Татыктуу эмгек жана экономикалык өсүш
ТӨМ 9	Индустрия, инновация жана инфраструктура
ТӨМ 10	Теңсиздикти азайтуу
ТӨМ 11	Туруктуу шаарлар жана коомчулуктар
ТӨМ 12	Жоопкерчиликтүү керектөө жана өндүрүш
ТӨМ 13	Климаттын өзгөрүшүнө каршы күрөш
ТӨМ 14	Деңиз экосистемаларын сактоо

ТӨМ 15	Кургактыктагы экосистемаларды сактоо
ТӨМ 16	Тынчтык, адилеттүүлүк жана күчтүү институттар
ТӨМ 17	Туруктуу өнүгүү үчүн өнөктөштүк

I. ОКУУ ИШТЕРИ БОЮНЧА

№	Аткарылуучу иштер	Мөөнөтү	Жооптуулар	ТӨМ (SDG)
1	Окуу пландарын жана билим берүү программаларын Чет тилдер колледжинин адистиктеринин өзгөчөлүгүнө, компетенттүүлүккө негизделген мамилеге жана эмгек рыногунун талаптарына ылайык жаңылоо.	Сентябрь	Директор, окуу иштери боюнча директордун орун басары, ПЦК	ТӨМ 4, 8, 9
2	Ар бир дисциплина боюнча жумушчу программа, силлабустарды, тесттик тапшырмаларды жаңылоо, студенттер үчүн АВН/электрондук системага жайгаштыруу.	Сентябрь	ПЦК башчылары, окутуучулар	ТӨМ 4, 9
3	Чет тил сабактарында коммуникативдик, долбоордук, интерактивдүү жана студентке багытталган окутууну кеңейтүү.	Жыл бою	ПЦК, окутуучулар	ТӨМ 4, 9
4	Англис/кытай жана башка чет тилдер боюнча сүйлөө клубдарын, Talking Club/Language Club ишмердигин уюштуруу.	Жыл бою	ПЦК, тил мугалимдери, студенттик актив	ТӨМ 4, 17
5	CLIL, критикалык ой жүгүртүү, долбоордук окутуу жана санариптик платформаларды колдонуу боюнча ачык сабактарды өткөрүү.	Ар айда	ПЦК, усулчу	ТӨМ 4, 9
6	Жасалма интеллектти тил үйрөтүүдө жоопкерчиликтүү пайдалануу боюнча практикалык сабактар жана семинарлар.	Жыл бою	ПЦК, санариптик технологиялар боюнча жооптуу	ТӨМ 4, 9, 16
7	Студенттердин тилдик деңгээлин баштапкы жана аралык диагностикалоону уюштуруу.	Сентябрь, январь, май	Окуу иштери боюнча директордун орун басары, ПЦК	ТӨМ 4, 10
8	Сабакка катышууну жана жетишүүнү ай сайын талдап, академиялык карызы жана көп калтыруусу бар студенттер менен жеке иш алып баруу.	Ай сайын	Кураторлор, ПЦК, администрация	ТӨМ 4, 10
9	Электрондук журналдардын, баллдык журналдардын жана студенттик маалыматтардын туура жүргүзүлүшүн көзөмөлдөө.	Дайыма	Администрация, ПЦК	ТӨМ 4, 16
10	Чет тил боюнча окуу-методикалык комплекстерди, жумушчу дептерлерди, аудио-видео жана мультимедиалык ресурстарды жаңылоо.	Жыл бою	ПЦК, окутуучулар	ТӨМ 4, 9

11	Практика өткөрүүчү мектептер, тил борборлору, котормо жана башка уюмдар менен келишимдерди жаңылоо.	Сентябрь–октябрь	Практика жана карьера жетекчиси, ПЦК	ТӨМ 4, 8, 17
12	Студенттердин өндүрүштүк/педагогикалык/ квалификациялык практикасын кесиптик компетенцияларды калыптандырууга багыттоо.	Жыл бою	Практика жетекчилери, ПЦК	ТӨМ 4, 8
13	Конок лекцияларга чет тил мугалимдерин, котормочуларды, эл аралык уюмдардын жана иш берүүчүлөрдүн өкүлдөрүн тартуу.	График боюнча	Директор, ПЦК, өндүрүштүк практика жана карьера жетекчиси	ТӨМ 4, 8, 17
14	Бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусун жана эмгек рыногундагы суроо-талапты талдоо.	Ай сайын/жыл жыйынтыгында	өндүрүштүк практика жана карьера жетекчиси, ПЦК	ТӨМ 8, 17
15	Олимпиадаларга, тил сынактарына, дебаттарга, эссе жана котормо конкурстарына студенттерди даярдоо.	Жыл бою	ПЦК, окутуучулар	ТӨМ 4, 10

II. УСУЛДУК ЖАНА КЕСИПТИК ӨНҮГҮҮ ИШТЕРИ

№	Аткарылуучу иштер	Мөөнөтү	Жооптуулар	ТӨМ (SDG)
1	ПЦКлардын усулдук иш пландарын ТӨМ, санариптик билим берүү жана чет тилдерди окутуунун заманбап технологиялары менен байланышта бекитүү.	Сентябрь	ПЦК башчылары	ТӨМ 4, 9, 17
2	Окутуучулар үчүн 'Заманбап чет тил сабагы: CLIL, task-based learning жана долбоордук окутуу' семинарын өткөрүү.	Октябрь	Усулдук кеңеш, ПЦК	ТӨМ 4
3	ЖИ инструменттерин сабакта этикалык жана академиялык чынчылдык принциптери менен колдонуу боюнча семинар.	Ноябрь	Усулдук кеңеш	ТӨМ 4, 9, 16
4	Жаш окутуучуларга насаатчылык системасын уюштуруу.	Сентябрь–май	ПЦК башчылары, тажрыйбалуу окутуучулар	ТӨМ 4, 10
5	Өз ара сабакка катышуу жана алдыңкы тажрыйба алмашуу.	Жыл бою	ПЦК	ТӨМ 4, 17
6	Мыкты ачык сабак, мыкты окуу-методикалык иштелме жана мыкты санариптик ресурс конкурстарын өткөрүү.	Ноябрь–апрель	Усулдук кеңеш	ТӨМ 4, 9
7	Электрондук билим берүү ресурстарынын фондун түзүү жана жаңыртуу.	Жыл бою	ПЦК, китепкана, IT жооптуу	ТӨМ 4, 9
8	Окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу курстарына жана эл аралык вебинарларга катышуусун колдоо.	Жыл бою	Директор, ПЦК	ТӨМ 4, 17

9	Тилдик компетенцияны жогорулатуу үчүн speaking/writing methodology workshop өткөрүү.	Ар семестрде	ПЦК	ТӨМ 4

III. ИЛИМ-ИЗИЛДӨӨ ЖАНА ИННОВАЦИЯ

№	Аткарылуучу иштер	Мөөнөтү	Жооптуулар	ТӨМ (SDG)
1	Чет тилдерди окутуунун методикасы, санариптик педагогика жана ЖИ боюнча колледждин илимий-изилдөө багыттарын бекитүү.	Сентябрь	Илимий иш боюнча жооптуу, ПЦК	ТӨМ 4, 9
2	Студенттик илимий кружокторду жана Rainbow/Chinese Club сыяктуу тематикалык топтордун ишин уюштуруу.	Сентябрь	Илимий жетекчилер, ПЦК	ТӨМ 4, 17
3	Чет тилдерди окутуудагы инновациялар боюнча илимий-практикалык семинар өткөрүү.	Декабрь	ПЦК, илимий жетекчи	ТӨМ 4, 9
4	Студенттердин илимий баяндамаларын, макалаларын жана долбоорлорун даярдоого көмөк көрсөтүү.	Жыл бою	Окутуучулар	ТӨМ 4, 9
5	Колледжде студенттик илимий-практикалык конференция өткөрүү.	Апрель–май	Илимий иш боюнча жооптуу	ТӨМ 4, 17
6	ЖАМУнун башка факультеттери/колледждери жана башка ЖОЖдор менен илимий-методикалык байланыштарды күчөтүү.	Жыл бою	Директор, ПЦК	ТӨМ 4, 17
7	ТӨМ темалары боюнча студенттик долбоорлорду ишке ашыруу: тил, маданият, экология, теңчилик, коомдук жоопкерчилик.	Жыл бою	ПЦК, кураторлор	ТӨМ 4, 5, 10, 13, 15, 16

IV. ТАРБИЯЛЫК, СОЦИАЛДЫК ЖАНА СТУДЕНТТИК ИШТЕР

№	Аткарылуучу иштер	Мөөнөтү	Жооптуулар	ТӨМ (SDG)
1	Колледждин тарбиялык иштер планын ТӨМдүн социалдык жана жарандык багыттары менен интеграциялоо.	Август–сентябрь	Тарбия иштери боюнча директордун орун басары	ТӨМ 3, 5, 10, 16
2	Студенттердин өзүн-өзү башкаруусун, студенттик омбудсмен институтун жана жаштар комитетин активдештирүү.	Жыл бою	Тарбия иштери боюнча директордун орун басары	ТӨМ 10, 16, 17
3	Академиялык чынчылдык, плагиатка жол бербөө жана жоопкерчиликтүү ЖИ колдонуу боюнча түшүндүрүү иштери.	Ар семестрде	ПЦК, кураторлор	ТӨМ 4, 16
4	Гендердик теңчилик жана дискриминациянын алдын алуу боюнча тегерек стол.	Ноябрь	Тарбия иштери боюнча директордун орун басары	ТӨМ 5, 10, 16
5	Сергек жашоо, психологиялык	Ай сайын	Кураторлор, дене	ТӨМ 3

	бакубаттык жана стрессти башкаруу боюнча иш-чаралар.		тарбия/тиешелүү адистер	
6	Спорттук мелдештерди жана активдүү жашоо образын колдоо.	Жыл бою	Дене тарбия боюнча жооптуулар	ТӨМ 3
7	Экологиялык акциялар: 'Таза колледж', кагазды үнөмдөө, таштандыны сорттоо жана жашылдандыруу.	Ар семестрде	Студенттик актив, кураторлор	ТӨМ 6, 7, 12, 13, 15
8	Улуттук жана дүйнөлүк маданияттар аралык баарлашуу күндөрүн, тил жана маданият фестивалдарын өткөрүү.	Жыл бою	ПЦК, студенттик клубдар	ТӨМ 4, 5, 10, 16, 17
9	Дебат, театр, вокал, чыгармачылык жана тилдик клубдарды системалуу жүргүзүү.	Жыл бою	Тарбия иштери боюнча жооптуу, клуб жетекчилери	ТӨМ 3, 4, 10
10	Кылмыштуулуктун, зордук-зомбулуктун, экстремизмдин жана укук бузуулардын алдын алуу боюнча маалыматтык жолугушуулар.	Жыл бою	Администрация, кураторлор, тиешелүү кызматтар	ТӨМ 5, 10, 16
11	Социалдык жактан колдоого муктаж студенттерди аныктоо жана мүмкүн болгон жардам механизмдерине багыттоо.	Сентябрь–октябрь, зарыл учурда	Кураторлор, администрация	ТӨМ 1, 4, 10
12	Студенттердин ыктыярчылык жана коомдук пайдалуу демилгелерин колдоо.	Жыл бою	Студенттик актив, кураторлор	ТӨМ 10, 11, 17

V. АТА-ЭНЕЛЕР, ИШ БЕРҮҮЧҮЛӨР ЖАНА КООМ МЕНЕН ӨНӨКТӨШТҮК

№	Аткарылуучу иштер	Мөөнөтү	Жооптуулар	ТӨМ (SDG)
1	Ата-энелер жыйындарын жана ата-энелер комитетинин ишин уюштуруу.	Октябрь, семестр сайын	Кураторлор, ПЦК	ТӨМ 4, 16, 17
2	Ата-энелер үчүн 'Баланын тил үйрөнүүсүнө үй-бүлөнүн колдоосу' темасында ачык жолугушуу.	Октябрь	Кураторлор, ПЦК	ТӨМ 4, 17
3	Чет тилдер боюнча иш берүүчүлөр менен туруктуу консультациялык байланыш түзүү.	Жыл бою	Карьера жетекчиси, ПЦК	ТӨМ 8, 17
4	Иш берүүчүлөрдү билим берүү программаларын жана практиканы өркүндөтүүгө тартуу.	Октябрь–май	Директор, ПЦК, карьера жетекчиси	ТӨМ 4, 8, 17
5	Бош орундар жарманкеси, карьералык жолугушуулар жана бүтүрүүчүлөр менен тажрыйба алмашуу.	Жыл бою	Карьера жетекчиси	ТӨМ 8, 17
6	Чет тилдер боюнча өнөктөш мектептер, тил борборлору, эл аралык уюмдар жана коомдук уюмдар менен меморандумдарды кеңейтүү.	Жыл бою	Директор, ПЦК	ТӨМ 4, 8, 17

VI. ЭЛ АРАЛЫК КЫЗМАТТАШТЫК ЖАНА МОБИЛДҮҮЛҮК

№	Аткарылуучу иштер	Мөөнөтү	Жооптуулар	ТӨМ

				(SDG)
1	Чет өлкөлүк окуу жайлар жана тил борборлору менен өнөктөштүк байланыштарды түзүү жана өнүктүрүү.	Жыл бою	Директор, ПЦК	ТӨМ 4, 17
2	Студенттер жана окутуучулар үчүн онлайн эл аралык семинарларга, вебинарларга жана тилдик долбоорлорго катышууну кеңейтүү.	Жыл бою	ПЦК	ТӨМ 4, 17
3	Англис жана кытай тилдеринде эл аралык маданий күндөрдү өткөрүү.	График боюнча	ПЦК, студенттик клубдар	ТӨМ 4, 10, 17
4	Академиялык мобилдүүлүк боюнча мүмкүнчүлүктөрдү студенттерге системалуу маалымдоо.	Ар семестрде	Сапат/эл аралык байланыш боюнча жооптуу	ТӨМ 4, 10, 17
5	Чет тилдер боюнча чет өлкөлүк адистерди конок лектор катары тартуу.	Жыл бою	Директор, ПЦК	ТӨМ 4, 17

VII. ЧАРБАЛЫК, САНИТАРДЫК ЖАНА ЖАШЫЛ ИНФРАСТРУКТУРА

№	**Аткарылуучу иштер**	**Мөөнөтү**	**Жооптуулар**	**ТӨМ (SDG)**
1	Чет тил кабинеттерин, лингафондук/мультимедиалык жабдууларды жана интернет инфраструктурасын инвентаризациялоо.	Сентябрь	Директор, чарба жооптуусу, IT	ТӨМ 4, 9
2	Компьютердик класс жана санариптик тил лабораториясын өнүктүрүү боюнча сунуш даярдоо.	Октябрь	Директор, ПЦК, IT	ТӨМ 4, 9
3	Аудиторияларды жаңы окуу жылына даярдоо жана коопсуздук талаптарын камсыз кылуу.	Сентябрь	Администрация, чарба кызматтары	ТӨМ 4, 11
4	Энергияны, сууну жана кагазды үнөмдөө боюнча ички эрежелерди жана маалыматтык кампанияны ишке киргизүү.	Жыл бою	Администрация, студенттик актив	ТӨМ 6, 7, 12, 13
5	Колледж аймагын жашылдандыруу жана тазалык акцияларын уюштуруу.	Жыл бою	Студенттер, кызматкерлер	ТӨМ 11, 13, 15
6	Мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн жеткиликтүү билим берүү чөйрөсүн жакшыртуу боюнча муктаждыктарды аныктоо.	Сентябрь–октябрь	Администрация	ТӨМ 4, 10, 11

VIII. САПАТТЫ БАШКАРУУ, МОНИТОРИНГ ЖАНА ОТЧЕТТУУЛУК

№	**Аткарылуучу иштер**	**Мөөнөтү**	**Жооптуулар**	**ТӨМ (SDG)**
1	Колледждин ТӨМ боюнча жылдык иш-чараларынын индикаторлорун жана мониторинг формасын бекитүү.	Сентябрь	Директор, сапат кеңеши	ТӨМ 4, 16, 17
2	Ар бир семестрдин аягында иш-чаралардын аткарылышын, натыйжаларын жана ТӨМгө кошкон салымын талдоо.	Январь, июнь	Сапат кеңеши, администрация	ТӨМ 16, 17

3	Студенттердин жана окутуучулардын канааттануусун сурамжылоо.	Декабрь, май	Сапат кеңеши	ТӨМ 4, 10, 16
4	Бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусу жана иш берүүчүлөрдүн канааттануусу боюнча маалымат базасын жаңылоо.	Жыл бою	өндүрүштүк практика жана карьера жетекчиси	ТӨМ 8, 17
5	Колледждин мыкты тажрыйбаларын ЖАМУнун ички маалыматтык ресурстарында жана коомдук платформаларда жайылтуу.	Жыл бою	Администрация, ПЦК	ТӨМ 4, 9, 17
6	2026–2027-окуу жылынын комплекстүү иш планынын аткарылышы боюнча жыйынтык отчет даярдоо.	Июнь	Директор, жооптуу кызматкерлер	ТӨМ 4, 16, 17

9. Күтүлүүчү натыйжалар

- Чет тилдер боюнча билим берүү программалары заманбап компетенттүүлүккө жана эмгек рыногунун талаптарына жакындайт.
- Студенттердин коммуникативдик, санариптик, кесиптик жана социалдык компетенциялары жогорулайт.
- Чет тилдерди окутууда санариптик платформалар, ЖИ жана интерактивдүү технологиялар системалуу колдонулат.
- Практика, иш берүүчүлөр жана социалдык өнөктөштөр менен байланыш кеңейет.
- Студенттердин илимий-изилдөө, чыгармачылык, олимпиадалык жана эл аралык иш-чараларга катышуусу көбөйөт.
- Колледжде инклюзивдүү, коопсуз, гендердик жактан тең жана экологиялык жоопкерчиликтүү билим берүү чөйрөсү өнүгөт.
- БУУнун 17 Туруктуу өнүгүү максаты колледждин ишмердигинин негизги багыттарына интеграцияланат.
- Колледждин сапаттык көрсөткүчтөрү, коомдук өнөктөштүгү жана бүтүрүүчүлөрдүн жумушка орношуу мүмкүнчүлүктөрү жакшырат.

10. Жооптуу түзүмдөр

Колледждин директору; окуу иштери боюнча директордун орун басары; тарбия иштери боюнча директордун орун басары; усулдук кеңеш; ПЦК башчылары; окутуучулар; илимий-изилдөө иштерине жооптуу кызматкер; практика жана карьера жетекчиси; сапат боюнча кеңеш; кураторлор; студенттик өзүн-өзү башкаруу органдары; чарба жана IT үчүн жооптуу кызматкерлер.

Чет тилдер колледжинин директору: _____